***DOI:10.26104/NNTIK.2023.78.73.026***

***Таштанбек кызы А.***

# ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕК ӨСПҮРҮМДӨР АРАСЫНДАГЫ КЫЛМЫШТУУЛУКТУ АЛДЫН АЛУУ

***Таштанбек кызы А.***

# ПРОФИЛАКТИКА ПРАВОНАРУШЕНИЙ СРЕДИ НЕСОВЕРШЕННОЛЕТНИХ

***Tashtanbek kyzy A.***

# PREVENTION OF JUVENILE DELINQUENCY

*УДК: 343.85*

*Акыркы ондогон жылдарда жашы жете электердин арасындагы кылмыштуулукту алдын ала иштердин чечүүчү мааниси дүйнөнүн ар кайсы жерлеринде жарыяланды. Кыргызстан да четте калган жок. Республикада мыйзам чыгаруу деңгээлинде, ошондой эле практикада жарандык коомду укуктук тартипти сактоого жана укук бузуулардын алдын алууга тартуунун айрым элементтерин ишке ашырылууда. Бул багытта балдар арасында профилактикалык иштердин мааниси чоң. Эл аралык тажрыйба көрсөткөндөй, алдын алуу чаралары кесепеттерге каршы кийинки күрөшкө караганда натыйжалуу. Бул жараяндын бардык субъекттеринин макулдашылган иши анын натыйжалуулугун жогорулатууга алып келет. Бирок, эксперттердин айтымында, Кыргызстанда мыйзамдуулукту жана укукту орнотуу тутуму калыптануу жолунда, демек, андан бардык көйгөйлөр чечиле элек. Бул макала Кыргызстанда улуттук жана жергиликтүү деңгээлдеги коопсуз чөйрөнү өнүктүрүүгө жана кылмыштуулукту алдын алууга катышкан бардык субъекттер үчүн кошумча маалымат берүү булагы боло алат. Ушуга байланыштуу Кыргызстандын алдында чечиле элек институттук, ченемдик-укуктук жана практикалык маселелердин комплекси турат. Мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, жарандык коомдон жана эл аралык өнөктөштөрдөн баштап, жашы жете элек өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун алдын алуу жараянына катышкан түрдүү субъекттер ишинин натыйжалуулугу мыйзамдуулукту жана тартипти камсыз кылуу практиканы ишке ашыруунун формаларынан жана ыкмаларынан көз каранды. Эксперттер бүгүнкү күндө республикада укук коргоо органдарын калктын муктаждыктарына кайрадан багыттоо, милициянын участкалык кызматкерлеринин, аймактардагы коомдук алдын алуу борборлорунун ишмердүүлүгүн, алардын коомдук тартипти сактоо боюнча жалпы макулдашылган пландарын өркүндөтүү маанилүү экендигин туура белгилешет.*

***Негизги сөздөр:*** *жашы жете электер, укук бузуулар, алдын алуу, мыйзамдуулук, мамлекеттик орган, мыйзам, жарандык коом, укуктар, ченемдер.*

*За последние десятилетия в мире на разных площадках заявляется о решающем значении превентивной работы с правонарушениями среди несовершеннолетних. Кыргызстан не исключение. В республике на законодательном уровне, а также на практике имеет место реализация отдельных элементов включения гражданского общества в деле поддержания правопорядка и профилактики правонарушений. В этом направлении важна профилактическая работа среди детей. Как показывает международный опыт, профилактические меры результативнее, чем последующая борьба с последствиями. Скоординированная работа всех субъектов данного процесса ведет к повышению ее эффективности. Однако, как считают эксперты, в Кыргызстане система установления правопорядка находится в стадии становления, и отсюда, наличие неразрешенных проблем. Данная статья может служить дополнительным источником информирования всех субъектов, вовлеченных в профилактику правонарушений в Кыргызстане, как на национальном, так и местном уровнях. В связи с этим перед Кыргызстаном стоит комплекс задач институционального, нормативно-правового, практического характера, которые еще предстоит решить. От форм и подходов реализации практики обеспечения правопорядка зависит результативность работы тех или иных сторон, вовлеченных в т. ч. в процесс профилактики правонарушений среди несовершеннолетних, начиная от государственных органов, МСУ, гражданского общества и международных партнеров. Специалисты справедливо указывают, что сегодня в республике важно переориентировать правоохранительные органы на потребности населения, улучшить деятельность участковых сотрудников милиции, общественно-профилактических центров в регионах, общих согласованных их планов по общественному правопорядку.*

***Ключевые слова:*** *несовершеннолетние, правонарушения, профилактика, законность, государственный орган, закон, гражданское общество, права, нормы.*

*Over the past decades, the decisive importance of preventive work with juvenile delinquency has been declared in the world at various venues. Kyrgyzstan is no exception. In the republic, at the legislative level, as well as in practice, the implementation of individual elements of the inclusion of civil society in maintaining law and order and preventing offenses takes place. Preventive work among children is important in this direction. As international experience shows, preventive measures are more effective than the subsequent fight against the consequences. The coordinated work of all subjects of this process leads to an increase in its efficiency. However, according to experts, in the Kyrgyz Republic, the system in the field of resolving problems in the field of law and order is in its infancy, and hence all the ensuing consequences. This article can serve as an additional source of information for all actors involved in the development of a safe environment and crime prevention in the republic, both at the national and local levels. In this regard, Kyrgyzstan faces a set of institutional, regulatory, and practical tasks that have yet to be solved. the effectiveness of the work of various parties involved, including in the process of preventing juvenile delinquency, starting from state bodies, LSG, civil society and international partners, depends on the forms and approaches of implementing the practice of ensuring law and order. Experts rightly point out that today in the republic it is important to reorient law enforcement agencies to the needs of the population, improve the activities of district police officers, public prevention centers in the regions, and their general coordinated plans for public order.*

***Key words:*** *minors, offenses, prevention, legality, state body, law, civil society, rights, norms.*

Кыргызстан 2000-жылдан тарта укуктук-ченемдик актыларды бекитип, ошондой эле укуктук тартипти жана мыйзамдуулукту чыңдоодо жарандык коомду кошуунун айрым элементтерин ырааттуу ишке ашырат. Алардын арасында «Укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө» КРдин мыйзамы (2005-ж.), 2014-2018-жж. Балдар үчүн юстицияны өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасы (2014-ж.), Ички иштер органдарынын жарандык коом менен өз ара аракеттенүүсү жөнүндө Жобо (2015-ж.), ИИМдин ишмердигин комплекстүү баалоонун негиздери жөнүндө Жобону (2015-ж.) ж.б. белгилесе болот. Кээ бир профилдик программалар да өз ара аракеттенүү механизмдерин камтыйт, мисалы, экстремизмге жана терроризмге каршы күрөшүү боюнча КР Өкмөтүнүн 2017-2022-жж. Программасы (2017-ж.).

Жогоруда аталган мамлекеттик документтер жана мыйзамдар жашы жете электердин арасындагы кылмыштуулукту алдын алуусуна багытталган. КР Улуттук статистикалык комитетинин маалыматы боюнча, 14-17 жаштагы жактар тарабынан: 2019-жылы - 1162; 2020-жылы - 1031; 2021-жылы - 1278 кылмыш жасалган [8]. Демек, тилекке каршы, жашы жете электер тарабынан же алардын катышуусу менен катталган кылмыштардын республикабызда саны 2021-жылы өскөнү байкалат.

Жашы жете электер арасындагы кылмыштардын түрлөрү: мушташ - 66%, бейбаштык - 50%, уурулук - 45%, коркутуп акча алуу - 35%, каракчылык - 15%, алдамчылык - 14%, зордуктоо максатында кыздарга кол салуу - 13%, адам өлтүрүү - 8%, баюу максатында шантаждоо - 7%, башка укук бузуулар - 3% [9]. Адистердин пикиринде, кылмыштарды алдын алуунун үч деңгээлдик тутумун республикада колдонуу зарыл:

*Алгачкы алдын алуу.* Балдардын конструктивдүү социалдык алгылыктуу, мыйзамга баш ийүүчү жүрүм-турумунун калыптанышына жана башкалар менен өз ара аракеттенүүсүнө көмөктөшүү;

*Негизги субъекттер:* билим берүү тутуму жана мектептеги жараштыруу кызматтары. Милиция кызматкерлеринин бул деңгээлдеги милдети укук бузууларга жакын болгон өспүрүмдөрдү эрте аныктоо, жалпы профилактикалык иш-чараларды жүргүзүү үчүн педагогикалык жамаат менен өз ара аракеттенүүсү болуп саналат.

*Экинчи алдын алуу.* Балага карата КРдин укук бузуулар Кодексинин беренелеринде каралган жана кылмыштын мүнөзүнө ээ болбогон укук бузууларды жасаганда колдонуу зарыл [1].

*Үчүнчү алдын алуу* кылмыш жасаган өспүрүмдөргө тиешелүү. Бул деңгээлдеги алдын алуунун максаты кайра кылмыштуулукту болтурбоо үчүн аларды ресоциализациялоо жана коомчулукка реинтеграциялоо болуп саналат. Бул үчүн ички иштер органдарынын кызматкерлери (прокурорлор, соттор) тиешелүү жамааттык ресурстарды тартат жана кылмыштуу жүрүм-турумдун себептерин жоюуга көмөктөшүүчү чөйрөнү түзүшөт [3, 39-б.].

Жашы жете электердин укук бузууларынын алдын алуу бүгүнкү күндө обочолонгон чаралардын комплекси катары эмес, бардык мүмкүнчүлүктөрдү максималдуу пайдалануу менен аларды социалдаштыруунун жана тарбиялоонун жалпы милдеттерин чечүүнү камсыз кылууга багытталган бирдиктүү жараяндын ажырагыс бөлүгү катары каралууга тийиш:

– жашы жете электердин арасындагы укук бузууларды алдын алуу тутумунун бардык субъекттеринин профилактикалык иш-чараларды пландаштырууда, уюштурууда жана жүргүзүүдө кызматташуусун камсыз кылуу;

– республикабызда акыркы жылдарда жашы жете электердин иштери боюнча инспекциясынын кызматкерлеринин саны көбөйүп, мектептерде социалдык педагог институту пайда болуп, ушул жана башка адистерди кесиптик даярдоо программалары ишке ашырылып жатканы белгилүү.

Ушуга байланыштуу кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча жер-жерлерде коомдук алдын алуу борборлорунун (мындан ары - КААБ) иш-аракеттери өзгөчө мааниге ээ. КААБдын курамына аялдар кеңеши, аксакалдар соту, жаштар комитеттери ж.б.у.с. кирет. Бул түзүмдөр жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан уюштурулат бирок алардын ишмердүүлүгүнө каражат бөлүнбөйт жана иш коомдук башталышта жүргүзүлүүдө. КААБ тарабынан жамааттарда коопсуздукту камсыз кылуу үчүн милиция, калк жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда социалдык өнөктөштүк демилгелери ишке ашырылууда.

Эксперттер практикалык тажрыйбаларды талдап, “Укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө” мыйзамдын кабыл алынганына карабастан, Кыргызстандын бардык аймактарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары КААБды түзүшөт деген тыянактан алыс. Талдоо ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан КААБды түзүүнүн тартиби, КААБга мүчөлүк, КААБды каржылоонун негиздери сыяктуу ченемдер жагынан колдонуудагы мыйзамдардын ар кандай ченемдик укуктук актыларында бир катар боштуктар жана укуктук коллизиялар бар экендигин көрсөттү [3, 14-б.].

Жашы жетпегендер менен жекече алдын алуу иш жүргүзүү түшүнүгүнүн мазмунун ачып берүүдө төмөнкүдөй түшүнүктөрдү эске алуу зарыл: социалдаштыруу, реабилитациялоо жана социалдык реабилитациялоо жараяны. Америкалык окумуштуулар

Т.Парсонс, Р.Мертондун айтымында, социалдаштыруу – бүтүндөй коомго да, айрым топторго да мүнөздүү социалдык тажрыйбаны, баалуулуктарды, ченемдерди, мамилелерди өздөштүрүү аркылуу адамдын коомго адаптацияланышы жана интеграциялануу жараяны катары аныкталат; инсандын коомдук тутумга толук кошулуу жараяны катары [4].

Социалдаштыруунун маанилүү ролу адаптация (көнүү), интеграция, өзүн-өзү өнүктүрүү жана ишке ашыруу сыяктуу жараяндардын айкалышында мүнөздөлөт. Бул нерсеге конкреттүү мисал: 2018-жылдын 3 айында 7-9-класстын окуучуларынын катышуусунда 12 мыйзам бузуу фактысы катталган. Аларга формалдуу эмес лидерлер терс таасирин тийгизип, кылмыш жолуна бургандыктары белгиленген. Негизинен өспүрүмдөр эмгек мигранттарынын балдары болгон. Ата-эненин балдары үчүн жоопкерчилигин мыйзамдык деңгээлде жогорулатуу зарыл. Эмнегедир өспүрүмдөр менен балдардын башына түшкөн бардык нерсеге мугалимдер менен мектептер гана жоопту. Жашы жете элек бала түнкүсүн көчөдө жүрсө, анда ата-энеси эмес, мугалим жооп бериши керек [3].

Эми кийинки түшүнүккө токтолсок. Адаптация жактын социалдык чөйрөнүн шарттарына көнүү жараяны катары аныкталат. Өзүн-өзү өнүктүрүү рухий, физикалык жана коомдук айкалышууга жетишүү аракетинде карама-каршылыктарды жеңүү катары каралат. Өзүн-өзү ишке ашыруу эки жагдайда каралат: жактын рухий жана физикалык мүмкүнчүлүктөрүн аңдап билүүсүнөн улам ички эркиндиктин көрүнүшү жана өзгөргөн социалдык шарттарда туура өзүн-өзү башкаруу.

Реабилитацияны жетишерлик кеңири диапазондогу маселелерди чечүүгө багытталган чаралардын тутуму катары кароого болот – эң жөнөкөй көндүмдөрдү жайылтуудан баштап жактын коомго толук интеграциясына чейин камтылат. Реабилитация инсанга, анын жекече психикалык жана физикалык функцияларына тийгизген таасиринин натыйжасы катары да мүнөздөлөт. Адаптациядан айырмаланып, организмдин резервдик мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу менен ыңгайлаштыруу катары чечмеленет. Реабилитация калыбына келтирүү, активдештирүү деп түшүнүлөт.

Реабилитациялык калыбына келтирүү жараяны компенсациялык механизм орун алган кемчиликти жоюу үчүн, ал эми адаптация жараяны ага ыңгайлашуу үчүн колдонулат. Ошентип, реабилитация – жакты коомдогу активдүү жашоого жана коомдук пайдалуу эмгекке кайтарууга багытталган чаралардын тутуму. Бул жараян убактысы чектелүү болгону менен үзгүлтүксүз.

Жашы жете электердин жүрүм-турумунда девианттык өзгөрүүлөр пайда болушунун негизги себептери жана факторлоруна токтолсок. Алардын иш-аракеттеринде өз убагында байкалган девианттык өзгөрүүлөр жана туура уюштурулган педагогикалык жардам укук бузууларга жана кылмыштуулукка алып келүүчү кырдаалдарды алдын алууда абдан маанилүү. Өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумунун ченемден айырмаланган төмөнкү баскычтары бар:

– *жактырбаган жүрүм-турум* – тамаша, бузукулук, тил албастык, тынчы жоктук, өжөрлүк менен байланышкан жүрүм-турум;

– *карала турган жүрүм-турум* – башкалардын, мугалимдердин, ата-энелердин аздыр-көптүр айыптоосуна алып келген жүрүм-турум (тартипти эпизоддук бузуулар, оройлук, уятсыздык, абийирсиздик учурлары);

– *девианттык жүрүм-турум* – туруктуу же көнүмүш болуп калган моралдык жактан терс иш-аракеттер (алдамчылык, шылтоо, эки жүздүүлүк, өзүмчүлдүк, касташуу, агрессивдүү, уурулук ж.б.);

– *кылмыштуулукка чейинки жүрүм-турум* – кылмыштуу жана деструктивдүү жүрүм-турумдун башталышын (адамдардын коомдогу жүрүм-турумун жана мамилелерин жөнгө салуучу эрежелерди, талаптарды эпизоддук түрдө атайылап бузуу, бейбаштык, ур-токмокко алуу, опузалоо, спирт ичимдиктерин ичүү, тартипти кыянаттык менен бузуу жана жалпысынан алганда) өзүнө камтыйт;

– *мыйзамсыз же кылмыштуу жүрүм-турум* – ар кандай укук бузуулар жана кылмыштар менен байланышкан жүрүм-турум. Инсандын девианттык жүрүм-туруму жөнүндө заманбап билим инсандын социалдык жүрүм-турумунун өтө татаал формасы менен күрөшүп жатканды айтууга мүмкүндүк берет [2].

Адистердин изилдөөлөрү маалымдагандай, учурдагы жактын девианттык жүрүм-турумунун факторлордун жалпы санынын ичинен эң чоң мааниге ээ: *биологиялык факторлор* (баланын организминин генетикалык, физиологиялык жана анатомиялык өзгөчөлүктөрү); *психологиялык факторлор* (индивидуалдык мүнөздөмөлөр); *социалдык-педагогикалык факторлор* (үй-бүлө, мектеп, социалдык тарбия) [5, 6, 7].

Жашы жете электерди социалдык реабилитациялоо боюнча иштердин тутумун түзүү үчүн мыйзам бузган баланын инсандык психологиялык өзгөчөлүктөрүн түшүнүү зарыл, өспүрүм куракта четтөөнүн өбөлгөлөрү кыйла чоң экендигин адистер белгилешет. Өспүрүм курак – организмдин тез өнүгүүсү жана кайра түзүлүшү жүрүп жаткан мезгил.

Азыркы учурда кандайдыр бир коомдук кызыкчылыктары жана жашоо пландары жок өспүрүмдөрдүн көп саны бар. Өспүрүм куракта сенсордук чаңкоо феномени пайда болот. Өспүрүмдөрдүн кандайдыр бир кызыкчылыктары жок болгондо, ата-энелер менен эмоционалдык байланыштарды бузуу ж.б. сен-

сордук каалоо көптөгөн жүрүм-турум бузулууларынын пайда болушу үчүн ыңгайлуу шартка айланат.

Криминология илиминде, кылмышкерлердин инсандыгы алардын мыйзамсыз аракеттеринин мотивдериндеги жеке жана кокустук мамилелеринин негизинде төмөнкүдөй категорияларга бөлүнөт:

1) инсандын жалпы багытына карама-каршы келген, кокусунан кылмыш жасаган жактар.

2) жеке багытын, жалпы туруксуздугун эске алуу менен кылмыш жасоо чындап эле мүмкүн болуп калгандарды бириктирет.

3) учурдун жана кырдаалдын көз карашы боюнча кылмышы кокусунан болгон, бирок инсандын жалпы багытынан келип чыккан жактар кирет.

Ошентип, илимпоздордун эмгектерине таянып, практикалык тажрыйбанын талдоонун негизинде, жашы жете электердин арасындагы кылмыштуулуктун алдын алуу менен байланышкан көйгөйлөрдү чечүүдө төмөнкү жагдайларга көңүл буруу маанилүү деп эсептейбиз:

– учурдагы кырдаалдын талдоосу, КР Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча, акыркы жылдары жашы жетпегендер тарабынан же алардын катышуусу менен катталган кылмыштардын саны өскөнү орун алууда, бул нерсе учурда жүргүзүлүп жаткан кылмыштуулукка каршы алдын алуу иштин жетишсиздигин айгинелейт. Кайра кылмыштуулуктун жогорку деңгээли да алдын алуунун жетишсиз натыйжалуулугун көрсөтөт;

– турмуштук оор кырдаалга кабылган балдар менен иштөө үчүн социалдык иш зарыл; балдарга коркутуп-үркүтүү жана жазалоо үчүн эмес, алардын ойлонбогон аракеттеринин кесепеттери жөнүндө мүмкүн болушунча көбүрөөк маалымат берүү;

– орто мектептерде психологдордун санын көбөйтүү;

– балдарды тарбиялоо үчүн ата-энелердин жоопкерчилигин жогорулатуу;

– укук коргоо органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укук бузуулардын алдын алуу боюнча координациялык кеңешмелеринин ыйгарым укуктарына жана милдеттерине тиешелүү ченемдик укуктук актыларды конкреттештирүү жана деталдаштыруу;

– республикалык, жалпы улуттук диалог аянтчасын түзүү боюнча башка мамлекеттердин тажрыйбасын колдонуу, мында өлкөнүн деңгээлинде тажрыйба алмашуу, жалпы күч-аракеттерди координациялоо, иш-аракеттерди пландаштыруу үчүн бул чөйрөдө иштегендердин бардыгын чогултуу;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн коомдук тартипти жана мыйзамдуулукту камсыз кылууну функционалдык милдет катары кабыл алуу;

– республикалык деңгээлде КААБды, аялдар кеңештерин, аксакалдар сотторун жашы жете элек арасындагы кылмыштуулукту алдын алуу мотивациялоо;

– кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча иш-чараларды колдоо жана координациялоо, туруктуу негизде улуттук деңгээлде кызыкдар тараптардын жолугушууларын уюштуруу;

– “тобокел тобундагы” балдардын маалымат базасын иштеп чыгуу;

– жаштар жана жашы жете элек менен кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча иштөөдө жаңы технологияларды, мультимедияны колдонуу.

**Адабияттар:**


1. Кодекс Кыргызской Республики о правонарушениях от 28 октября 2021 года № 128 (В посл. редакции).
2. Дети в конфликте с законом: профилактика, социальная интеграция, защита прав. Методическое пособие. - Б., 2021. // [Электронный ресурс]: https://oasisorg.kg/wp-content/uploads/2022/
3. Обзорный отчет II Национальной конференции 1-2 марта 2018 года. Собезопасность и политика предупреждения преступности в Кыргызской Республике. - Бишкек, 2019 // [Электронный ресурс]: https://www.reforma.kg/media/post/-postpdf/2019-11-19-1336908670.pdf
4. Социология: теория, история, методология: учебник / под ред. Д. В. Иванова. - СПб.: Изд. С.-Петер. Унив., 2019. - 480.
5. Фромм Э. Анатомия человеческой деструктивности. - М.: Республика, 1994. - 388 с.
6. Фрейд З. Введение в психоанализ: Лекции. - М.: Наука, 1989. - 319 с.
7. Кернберг О.Ф. Агрессия при расстройствах личности и перверсиях: Пер, с англ. А.Ф. Ускова. - М.: Независимая фирма «Класс», 2001. - 368 с.
8. Национальный статистический комитет Кыргызской Республики. Преступность 2021 // [Электронный ресурс]: http://www.stat.kg/ru/statistics/prestupnost/
9. Таштанов А.А. Жаштар жана өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун себептери жана анын алдын алуу жолдору, 2020 // [Электронный ресурс]: https://multiurok.ru/files/-zhashtar-zhana
10. Таштанбек кызы А. Некоторые вопросы соблюдения прав несовершеннолетнего при расследовании и судебном разбирательстве. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 10. С. 81-85
11. Таштанбек кызы А. Прекращение насилия в отношении несовершеннолетних: некоторые аспекты правовой основы и практики. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 6. С. 132-137.